Бишкек шаарынын мэриясынын
2023-жылдын 2-мартындагы
№ 31 токтомуна
2-тиркеме

# "Бишкекбашкыархитектура" муниципалдык ишканасынын УСТАВЫ

*(Бишкек шаарынын мэриясынын 2024-жылдын 18-апрелиндеги № 64 токтомунун редакциясына ылайык)*

## I. Жалпы жоболор

1. Ушул Устав Кыргыз Республикасынын Конституциясына, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө", "Борбордун статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыкты жана "Бишкекбашкыархитектура" муниципалдык ишканасынын (мындан ары - Ишкана) иш-аракеттерин регламенттейт.

2. Ишкананын уюштуруучусу болуп Бишкек шаарынын мэриясы (мындан ары - Уюштуруучу) саналат. Ишкананын уюштуруучу документи болуп ушул Устав саналат.

Ишкана "Бишкекбашкыархитектура" мекемесинин укук мурасчысы болуп саналат.

3. Ишкана өз иш-аракетинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, мыйзамдарын жана башка ченемдик укуктук актыларын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерди, ошондой эле Бишкек шаарынын мэриясынын актыларын жана ушул Уставды жетекчиликке алат.

4. Ишкана чарба жүргүзүү укугуна негизделген ишкананын (коммерциялык уюмдун) уюштуруу-укуктук формасында иштеген юридикалык жак болуп саналат.

5. Ишкананын өз алдынча балансы, Кыргыз Республикасынын банк мекемелеринде алыш-бериш жана башка эсептери, өзүнүн аталышы менен мамлекеттик жана расмий тилдерде жазылган мөөрү, белгиленген үлгүдөгү мөөрлөрү жана бланктары бар.

6. Ишкананын толук фирмалык аталышы:

- мамлекеттик тилде: "Бишкекбашкыархитектура" муниципалдык ишканасы;
- расмий тилде: муниципальное предприятие "Бишкекглавархитектура".

Ишкананын кыскартылган фирмалык аталышы:

- мамлекеттик тилде: "Бишкекбашкыархитектура" МИ;
- расмий тилде: МП "Бишкекглавархитектура".

7. Ишкананын юридикалык дареги: 720017, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, С.Чокморов көчөсү, 185.

## 2. Ишкананын иш-аракетинин максаты

8. Ишкана Бишкек шаарынын аймагында архитектура-шаар куруу иш-аракетин өнүктүрүү аркылуу борбор шаардын калкынын жашоо-турмушу үчүн жагымдуу чөйрөнү түзүү максатында ушул Устав менен аныкталган иш-аракетин жүзөгө ашырат.

## 3. Ишкананын милдети жана функциясы

9. Ишкананын негизги милдети болуп төмөндөгүлөр саналат:

- Бишкек шаарын бирдиктүү жана шайкеш өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү, ыңгайлуу пландоо түзүмүн, архитектуралык, шаар куруу, мейкиндик комплекстерин жана зоналарын, сарамжалдуу

транспорттук жана коммуникациялык инфратүзүмдү түзүү, ошондой эле шаардык ландшафттын эстетикалык сапаттарын жогорулатуу;

- шаардын аймагын сапаттуу комплекстүү куруунун жана көрктөндүрүүнүн учурдагы жана келечектеги милдеттерин чечүүгө багытталган архитектуралык-шаар куруу иш-чараларын жүзөгө ашыруу;

- тарыхый-маданий мурастарды, шаар куруу, архитектура жана монументалдык искусство эстеликтерин сактоо;

- шаардын курулушунун архитектуралык көрүнүшүн жакшыртуу жана архитектуралык-көркөмдүгүнүн деңгээлин жогорулатуу;

- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын жана калктын башка аз кыймылдуу топторунун керектөөлөрүн эске алып, толук жашоо-тиричилик чөйрөсүн түзүү;

- жаңы маалыматтык-коммуникациялык технологияларды киргизүү аркылуу көрсөтүлүүчү кызмат көсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу.

10. Ишкана өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткаруу максатында төмөнкү функцияларды жүзөгө ашырат:

- Бишкек шаарынын башкы планын ишке ашырууну контролдоону камсыздоо, сапаттуу комплекстүү курууну, көрктөндүрүүнү жана инженердик инфратүзүмдү өнүктүрүүнү жүзөгө ашыруу;

- сапаттуу комплекстүү куруунун жана шаардын аймагын көрктөндүрүү элементтерин өнүктүрүүнүн учурдагы жана келечектеги милдеттерин чечүүгө багытталган архитектуралык-шаар куруу иш-чараларын жүзөгө ашыруу;

- шаар куруу чечимдеринин социалдык-экономикалык натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү;

- архитектуралык-шаар куруу иш-аракетинде илимий изилдөөлөрдүн, технологияларды иштеп чыгуулардын жана инновациялардын жыйынтыктарын пайдаланууга көмөктөшүү;

- архитектуралык-пландоо шарттарын жана инженердик-техникалык шарттарды, жаңы объекттерди долбоорлоого, курууга, учурдагы объекттерди өзгөртүүгө архитектуралык-техникалык корутундуларды иштен чыгуу;

- курулуштун бардык түрлөрү үчүн жер участокторун тандоону жүзөгө ашыруу, жер участокторуна укуктарды берүүгө жана чек араларын аныктоого шаар куруу корутундуларын, кыймылсыз мүлк объекттеринин функционалдык багытын өзгөртүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө техникалык сунуштамаларды жана корутундуларды даярдоо, жеңилдетилген типтеги объекттерди уюштуруу жана жайгаштыруу;

- аткаруу жана топографиялык сүрөткө түшүрүүнү аткаруу, имараттардын, курулмалардын, негизги магистралдык инженердик коммуникациялардын окторун жана чек араларын, ошондой эле шаар курууну жөнгө салуу сызыктарын жеринде (натурага алып чыгуу) белгилөө;

- долбоордук, шаар куруу документтерин иштеп чыгуу, макулдашуу жана белгиленген тартипте бекитүү;

- көчө-жол тармагынын долбоордук документтерин иштеп чыгуу, шаар аймактарын көрктөндүрүү жана жашылдандыруу, чакан архитектуралык формаларды жайгаштыруу, түстүү чечимдердин долбоорлору, фасаддарды архитектуралык-көркөм жасалгалоо, дизайнердик иштер жана тышкы жарнамалык-маалыматтык иш-аракеттер;

- шаардын чек араларынын (чегинин) долбоорлорун белгилөө боюнча иштерди уюштуруу;

- шаар курууну жөнгө салуу сызыктарын өзгөртүү (белгилөө) актыларынын бөлүнгөн чиймелерин иштеп чыгууну аткаруу жана аларды бекитүүгө берүү;

- курулуш жана жер пайдалануу эрежелерин, ошондой эле Бишкек шаарында жерди пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу же иштеп чыгууну уюштуруу жана аларды белгиленген тартипте бекитүүгө берүү;

- шаардык шаар куруу кадастрын, ошондой эле шаардык аймактардын кезметтик планын жана схемаларын түзүү жана жүргүзүү боюнча иштерди уюштуруу;

- кичи райондордун, турак жай топторунун, шаар куруу зоналарынын, айрым имараттардын, курулмалардын жана ландшафттык объекттердин тажрыйбалык-көрсөтмө жана эксперименттик курулушун уюштурууга катышуу;

- архитектуралык-шаар куруу иш-аракети жаатында долбоорлоо, изилдөө, илимий-изилдөө жана конструктордук иштерди уюштуруу;

- картографиялык негизди түзүү жана жүргүзүү, таяныч геодезиялык тармакты, бирдиктүү геомаалыматтык мейкиндикти өнүктүрүү, шаардын аймагында геомейкиндик маалыматтар банкын түзүү жана жүргүзүү боюнча иштерди координациялоо;

- жер участокторун бөлүп берүү боюнча документтердин, макулдашылган долбоорлордун техникалык документтеринин, бардык түрдөгү шаардык инженердик инфратүзүмдүк коммуникациялар боюнча документтердин техникалык архивин түзүү;

- тарыхый-маданий мурас эстеликтерин эсепке алууну жана инвентаризациялоону жүргүзүү, коргоо милдеттенмелерин берүү, шаарда географиялык объекттердин аталыштарынын жана кайра аталыштарынын хронологиясын жүргүзүү;

- курулуш долбоорлорун иштеп чыгуунун жүрүшүндө учурдагы курулуштарды тыгыздоо маселелери боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүү;

- муниципалдык жана мамлекеттик тапшырыктар боюнча долбоордук документтерди жана долбоордук-сметалык документтерди иштеп чыгуу;

- долбоорлорду жана шаар куруу документтерин иштеп чыгуу боюнча кеңештерди, кеңешмелерди, конференцияларды, конкурстарды белгиленген тартипте уюштуруу;

- мыйзамдарга ылайык Ишканага жүктөлгөн башка функцияларды аткаруу.

*(Бишкек шаарынын мэриясынын 2024-жылдын 18-апрелиндеги № 64 токтомунун редакциясына ылайык)*

11. Ишкана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген баалар жана тарифтер боюнча кызматтарды көрсөтөт.

## 4. Ишкананын укуктары, милдеттери жана жоопкерчилиги

12. Ишкана төмөнкүлөргө укуктуу:

- өзүнүн мүлкүнө чарба жүргүзүү укугунда ээ болууга, өзүнүн иш-аракет максаттарына жана мүлктүн арналышына ылайык ага ээлик кылууга жана пайдаланууга;

- өзүнүн атынан мүлктүк жана мүлктүк эмес укуктарга ээ болууга, милдеттерди алууга, сотто доогер жана жоопкер болууга, мыйзамдарда тыюу салынбаган ар кандай бүтүмдөрдү түзүүгө;

- өз компетенциясынын чегинде Кыргыз Республикасынын сотторуна доолорду, анын ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуунун натыйжасында келтирилген зыяндын ордун толтуруу жөнүндө доолорду берүүгө;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Ишкананын милдеттерин ишке ашыруу үчүн эмгек макулдашууларын, мөөнөттүү эмгек келишимдерин, подряд келишимдерин жана башка жарандык-укуктук келишимдерди түзүүгө;

- Уюштуруучу менен макулдашуу боюнча Ишкананын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн жана сыйлык берүүнүн формаларын жана тутумдарын жана техникалык жана социалдык өнүктүрүүгө багытталган каражаттардын өлчөмүн иштеп чыгууга;

- өз компетенциясынын чегинде шаар куруу жана архитектуранын бардык маселелери боюнча чечимдерди кабыл алууга;

- ченемдик, архитектуралык-шаар куруу талаптарына жооп бербеген долбоорлорду макулдашуудан баш тартууга;

- Бишкек шаарынын аймагындагы курулуш объекттерине, тапшырыкчылардын курулуш-оңдоо жана долбоорлоо уюмдарына алардын дайындалышына, менчигинин түрүнө жана курулуш ыкмасына карабастан барууга;

- колдонулуудагы мыйзамдарды бузуу менен иштерди аткарган долбоордук уюмдардын лицензиясын жокко чыгаруу жана кайра кайтарып алуу жөнүндө ыйгарым укуктуу органга сунуш киргизүүгө;

- шаар куруу жана архитектура чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууга катышууга;

- Ишкананын алдында турган милдеттерди ишке ашыруунун алкагында мамлекеттик органдардан, ишканалардан, мекемелерден жана уюмдардан зарыл маалыматтарды белгиленген тартипте суроого жана алууга;

- шаар куруу-архитектура иш-аракети чөйрөсүндө уюмдар, ишканалар жана чет өлкөлүк өнөктөштөр менен кызматташууга;

- Ишкананын өнүгүүсүнүн негизги багыттары боюнча пландаштыруу, мониторинг, талдоо жана баалоо жүргүзүүгө.

13. Ишкана төмөндөгүлөргө милдеттүү:

- ага чарба жүргүзүү укугунда берилген мүлктүн сакталышын камсыздоо боюнча зарыл чараларды көрүүгө;

- салыктарды жана башка төлөмдөрдү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жана өлчөмдөрдө төлөөгө;

- отчётторду өз убагында түзүүгө жана берүүгө;

- архитектуралык чечимдердин деңгээлин жана шаар куруу иш-чараларынын натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча иштерди уюштурууга;

- Уюштуруучу менен макулдашуу боюнча өз иш-аракетин пландаштырууга;

- Уюштуруучунун кароосуна Ишкананын иш-аракетине тиешелүү сунуштарды киргизүүгө, бул маселелерди талкуулоого жана чечүүгө катышууга, мэриянын кызмат адамдарынан Ишкананын иш-аракетине тиешелүү маалыматтарды алууга;

- мамлекеттик сырды жана купуя маалыматтарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык коргоону камсыздоого;

- кызматкерлердин коопсуз эмгек шарттарын камсыздоого жана алардын ден соолугуна жана эмгекке жөндөмдүүлүгүнө келтирилген зыян үчүн белгиленген тартипте жоопкерчилик тартууга;

- Ишкананын кызматкерлерин социалдык, медициналык жана милдеттүү камсыздандыруунун башка түрлөрү менен камсыздоого;

- иш-аракетин ушул Уставга, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына жана Уюштуруучунун чечимдерине ылайык жүзөгө ашырууга;

- өз милдеттенмелерин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана түзүлгөн келишимдерге ылайык аткарууга;

- калкка консультациялык-укуктук жардам көрсөтүүгө.

14. Ишкана Уюштуруучунун милдеттенмелери боюнча жоопкерчилик тартпайт, ал эми Уюштуруучу Ишкананын милдеттенмелери боюнча жоопкерчилик тартпайт.

15. Ишкана эгерде бул Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга каршы келбесе, Уюштуруучу менен макулдашуу боюнча ушул Уставда каралбаган башка укуктарга жана милдеттерге ээ болушу мүмкүн.

## 5. Ишкананы башкаруу

16. Ишкананын иш-аракетине жалпы жетекчиликти жана координациялоону Уюштуруучу жүзөгө ашырат. Уюштуруучу Ишкананын иш-аракетине тиешелүү ар кандай маселелер боюнча чечим кабыл алууга укуктуу. Ишкананын Уставы, түзүмү, штаттык саны, штаттык ырааттамасы Уюштуруучу тарабынан бекитилет.

*(Бишкек шаарынын мэриясынын 2024-жылдын 18-апрелиндеги № 64 токтомунун редакциясына ылайык)*

17. Ишкананы учурда башкарууну Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында белгиленген тартипте Бишкек шаарынын мэри тарабынан кызмат ордуна дайындалуучу жана кызмат ордунан бошотулуучу начальник жүзөгө ашырат. Начальник Бишкек шаарынын башкы архитектору да болуп саналат.

18. Начальник укуктарга, милдеттерге ээ, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жоопкерчилик тартат жана ушул Уставдын жана эмгек келишиминин негизинде иш алып барат.

19. Начальник Ишкананын атынан иш алып барат, ишеним катсыз келишимдерди, анын ичинде эмгек келишимдерин түзөт, кызмат ордуна дайындайт жана кызмат ордунан бошотот, Ишкананын кызматкерлерине сыйлык берүү жана тартиптик таасир этүү чараларын көрөт, ишеним каттарды берет, банктарда алыш-бериш жана башка эсептерди ачат, ушул Уставда белгиленген чектерде каражаттарды тескөө укугунан пайдаланат, белгиленген тартипте Ишкананын бардык кызматкерлери үчүн милдеттүү болгон буйруктарды чыгарат жана көрсөтмөлөрдү берет, соттордо Ишкананын кызыкчылыктарын коргойт, юридикалык жана жеке жактар менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт.

20. Начальник Ишканага жүктөлгөн милдеттердин жана функциялардын аткарылышы үчүн жеке жоопкерчилик тартат.

21. Ишканада начальниктин биринчи орун басарынын жана начальниктин орун басарларынын (мындан ары - орун басарлар) кызмат орундары каралган.

Начальниктин орун басарлары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте Бишкек шаарынын мэри тарабынан кызмат ордуна дайындалат жана кызмат ордунан бошотулат.

*(Бишкек шаарынын мэриясынын 2024-жылдын 18-апрелиндеги № 64 токтомунун редакциясына ылайык)*

22. Начальниктин орун басарлары Ишкананын компетенциясына кирген маселелер боюнча чечимдерди кабыл алууга катышат, начальник менен начальниктин орун басарларынын ортосундагы милдеттерди бөлүштүрүүгө ылайык аларга жүктөлгөн өз ыйгарым укуктарынын чегинде Ишкананын иш-аракетине жетекчилик кылууну жүзөгө ашырат.

23. Ишкананын начальниги иште жок болгон же ал өзүнүн милдеттерин аткарууга мүмкүн болбогон учурда (убактылуу эмгекке жарамсыздык, кызматтык иш сапар, өргүү) анын ыйгарым укуктарын начальниктин тиешелүү буйругунун же Бишкек шаарынын мэриясынын тескемесинин негизинде Ишкананын начальнигинин орун басарларынын бири убактылуу жүзөгө ашырат.

24. Кызматкерлердин иштөө жана эс алуу шарттамы, аларды социалдык камсыздоо жана камсыздандыруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдери менен жөнгө салынат.

25. Шаар курууну, архитектураны жана инфратүзүмдү өнүктүрүүдө стратегиялык багыттарды аныктоо, Бишкек шаарынын Башкы планынын негизги багыттарын ишке ашыруу боюнча квалификациялык чечимдерди иштеп чыгуу жана Бишкек шаарынын аймагында шаар куруу жана архитектура чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты жүргүзүүдө кабыл алынган чечимдер үчүн жоопкерчиликти жогорулатуу үчүн туруктуу ведомстволор аралык коллегиялык орган - Шаар куруу кеңеши түзүлөт.

## 6. Мүлкү жана финансылык каражаттары

26. Ишкана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык экономикалык максатка ылайыктуулугун жана Уюштуруучунун кызыкчылыктарын эске алып, өзүнө таандык мүлккө, негизги жана жүгүртүү каражаттарына чарба жүргүзүү укугунда ээлик кылат жана пайдаланат.

27. Ишкана чарба жүргүзүү укугунда өзүнө таандык болгон кыймылсыз мүлктү сатууга, аны ижарага, күрөөгө берүүгө, чарбалык коомдордун жана шериктештиктердин уставдык капиталына салым (үлүштөш салым) катары кошууга же бул мүлктү Уюштуруучунун макулдугусуз башка ыкма менен тескөөгө укуксуз.

28. Ишкананын мүлкү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган иш-аракеттин ар кандай түрүн жүзөгө ашыруу үчүн ага бекитилип берилген.

29. Финансы-чарбалык иш-аракеттен жана башка булактардан түшкөн кирешелердин эсебинен Ишкана тарабынан курулган же сатып алынган мүлк муниципалдык менчикке түшөт жана Ишканага чарба жүргүзүү укугунда бекитилет.

30. Чарбалык иш-аракеттин натыйжасында Ишкана алган пайдага Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык салык салынууга тийиш. Жылдык финансылык-чарбалык иштин жыйынтыгы боюнча Ишкананын таза пайдасынын 10 пайыздан кем эмеси отчёттук мезгилден кийинки жылдын 1-апрелине чейинки мөөнөттө жергиликтүү бюджетке которулууга тийиш. Таза кирешенин калдыгы Ишкананын фонддорун түзүү үчүн колдонулат.

## 7. Ишкананын эсеби, отчёттуулугу жана контроль

31. Ишкана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте бухгалтердик эсепти жүргүзөт.

32. Ишкана иштелип чыккан иш пландарынын негизинде өз иш-аракетин жүзөгө ашырат.

33. Ишкана белгиленген тартипте Уюштуруучуга финансылык-чарбалык иш-аракеттин натыйжалары жөнүндө отчёт берет.

34. Ишкананын директору жана башкы бухгалтери Ишкананын финансылык каражаттарын жана мүлкүн эсепке алуунун тууралыгы жана максаттуу пайдаланылышы үчүн жоопкерчилик тартышат, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык толук материалдык жоопкерчилик тартышат.

## 8. Ишкананы кайра уюштуруу жана жоюу

35. Ишкананы кайра уюштуруу (кошуу, биригүү, бөлүү, бөлүп чыгаруу, кайра түзүү) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте Уюштуруучунун чечимине ылайык жүзөгө ашырылат.

36. Жоюу (иш-аракетин токтотуу) Уюштуруучунун чечими же соттун чечими боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда жана тартипте жүргүзүлөт.

37. Кредиторлордун талаптарын канааттандыргандан кийин калган Ишкананын мүлкү бул мүлккө буюмдук укугу бар анын Уюштуруучусуна өткөрүп берилет.

38. Каттоочу орган тарабынан тиешелүү буйрук чыккан учурдан тартып Ишкана жоюлду деп эсептелет.

39. Ишкананын иш-аракет процессинде пайда болгон документтер "Кыргыз Республикасынын улуттук архив фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык пайдаланылат жана сакталат.

**Мэрдин орун басары** **Н.Орунтаев**